«Бекитемин»

*Директор:* _____ *Эшимканова Г.Э.*

**Мектептин тарбия иштери боюнча орун басарынын милдеттери:**

1. Мектепте тарбия иштери боюнча ар кандай иш чараларды өткөрөт.
2. Клубдардын, кыздар, балдар Советтеринин иштеринин жүрүшүнө көз салат жана иш алып барат.
3. Мугалимдердин тарбиялык пландарынын түзүлүшүнө жана аткарылышын көзөмөл кылат, жетекчиликке алат.
4. Пландаштырылган ачык тарбиялык сааттардын берилишин контролдойт жана учурунда анализ берип турат.
5. Өспүрүмдөр уюмунун ишин алып барат.
6. Мектептин тазалыгына көзөмөл кылат жана жооп берет.
7. Мектептин ички коопсуздугуна көзөмөл кылат жана жооп берет.
8. Окуучулардын жайкы эс алуусун уюштурат.
9. Граждандык коргонуу, жолдо жүрүүнүн эрежелерин үйрөтүүгө жетекчилик кылат.
10. Тартиби оор окуучулар менен иш алып барат, профилактикалык иштерди жүргүзөт. ИДН, КДН кызматкерлери менен тыгыз байланышты түзөт жана уюштурат.
11. Жетим, жарым жетим, социалдык жактан жетишпеген үй бүлөөдө жашап жаткан өспүрүмдөр менен ар тараптан иштерди алып барат.
12. Окуучулардын формасына тазалыгына, жүрүш-турушуна көзөмөл кылат.
13. Ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып барат.

Тааныштым: _____ _____

## Балдардын класстан тышкары жана мектептен тышкары иштерин уюштуруучусу

1. **Кызматтык милдеттери:**
   - Педагогикалык жактан негизделген жана социалдык жактан аныкталган класстан тышкары жана мектептен тышкары окуучуларды тарбиялоо иштерин түзөт, пландаштырат жана аткарат;
   - Окуучулардын активдерин класстан тышкары иштеринин кээ бир түрлөрүнө окутууну уюштурат.
   - Педагогикалык кызматкерлерге, класс жетекчилерине, окуучулардын өзүн-өзү башкарууларына класстан тышкары жана мектептен тышкары иштерин уюштурууга усулдук жардам көрсөтөт;
   - Класс жетекчилеринин иш тажрыйбалары менен алмашууну уюштуруп, тарбиялоо ишинин алдыңкы тажрыйбаларын тоуктап, таркатат;
   - Окуучуларды мектептен тышкары тарбиялоо боюнча бирдиктүү ишкердүүлүктү жүргүзүү үчүн ишканалар, мекемелер жанна коомдук бирикмелер менен байланыштарды түзөт;
   - Тарбялоо иш-чараларын өткөрүүгө ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрү) жана коомчулукту тартуунун иш-чараларын көрөт;
   - Жалпы билим берүүчү жана мектептен тышкары уюмдарында иштеген ар кандай кружок жана секцияларга окуучуларды тартууну уюштурат, аталган кружок жана секциялардын жетекчилери менен байланышты колдойт.
2. **Билиш керек:** Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын; Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу» жөнүндө Мыйзамдарын жана окуучуларды тарбиялоо боюнча ченемдик укуктук документтерин; педагогиканын жана педагогикалык психологиянын негиздерин; балдарлын социологиясынын, физиологиясынын жана гигиенасынын негиздерин; дүйнөлүк жана ата-мекендик педагогикалык илимдин жана тажрыйбанын жетишкендиктерин; мамлекеттик институттарынын, коомдуук уюмдарынын окуучуларга билим берүү жана тарбиялоо тармагындагы милдеттерин жана укуктарын; балдардын укуктары жөнүндө конвенцияны; педагогикалык жүрүм-турумдун ченемдерин; техникалык коопсуздуктун жана өрткө каршы сактануунун эрежелерин.
3. **Дасыктык талаптар:** орто педагогикалык жана жогорку педагогикалык билими, педагогикалык кызмат ордуна беш жылдан кем эмес иштеген стажы.